DOI:10.26104/IVK.2022.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2022

***ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***

***ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PHILOLOGICAL SCIENCES***

*Ажыбаева.З.А.*

## КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ АРКЫЛУУ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

*Ажыбаева.З.А.*

## ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ЧЕРЕЗ ПРЕПОДАВАНИЕ ЛИРИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ

*Z. Ajybaeva*

## PROBLEMS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE THROUGH THE TEACHING OF LYRICAL WORKS

*УДК: 372:37(01)/882.90*

*Бүгүнкү күндө руханий дүйнөсү бай, көрөңгөсү бийик, ыймана таза, ой чабыты кенен инсанды тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Бул багытта бардык окумуштуу-педагог, методист-окутуучулар өз тажрыйбаларынын негизинде илимий, окуу-усулдук эмгектерди жаратып жаштардын татыктуу тарбия алышына мүмкүнчүлүктөрүн жумшашууда. Макаланын мазмуну да ушул алкакта, поэзиялык чыгармалардагы этномаданий баалуулуктарды кыргыз тил сабагы аркылуу оптималдуу ыкмалар менен окутуп тарбиялоого арналды. Лирикалык чыгармалардын өзгөчөлүгү, окутуудагы маани-маңызы текстке тилдик талдоо жүргүзүүдө мугалимдин көңүл буруучу жагдайлары макаланын негизги мазмунун түздү. Окутуп-тарбиялоодо санат-насыят, терме ырларынын мааниси зор экендиги тексттик материалдар аркылуу түшүндүрүүгө аракеттер жасалды. Текстке лингвистикалык анализ жүргүзүүнүн усулдук ыкмалары сунушталды. Көнүгүү жумуштарын жүргүзүүнүн оптималдуу варианттары көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик оозеки чыгармалар, лирикалык жанр, тарбиялоо, окутуу, чыгармачылыгын өстүрүү, окуучу, мугалим, этномаданий баалуулуктар, сабак.*

*Сегодня особое внимание уделяется воспитанию человека, имеющего богатый духовный мир, богатые сокровища, чистую веру, широкий кругозор. В этом направлении все ученые-педагоги, методисты-педагоги, используя свой опыт, создают научные, учебно-методические работы и используют возможности для достойного воспитания молодежи. Содержание статьи также посвящено преподаванию этнокультурных ценностей в поэзии на кыргызском языке оптимальными методами. Основным содержанием статьи стала специфика лирических произведений, сущность обучения, внимание педагога к лингвистическому анализу текста. Были предприняты попытки объяснить важность проповедей и стихов в обучении с помощью текстовых материалов. Предлагаются методические приемы лингвистического анализа текста. Показаны оптимальные варианты упражнения.*

***Ключевые слова:*** *устное народное творчество, лирический жанр, воспитание, обучение, развитие творчества, ученик, учитель, этнокультурные ценности, урок.*

*Today, special attention is paid to the education of a person who has a rich spiritual world, rich treasures, pure faith, and a broad outlook. In this direction, all scientists-teachers, methodologists-teachers, using their experience, create scientific, educational and methodological work and use the opportunities for worthy education of young people. The content of the article is also devoted to the teaching of ethno-cultural values in poetry in the Kyrgyz language using optimal methods. The main content of the article was the specificity of lyrical works, the essence of learning, the teacher's attention to the linguistic analysis of the text. Attempts have been made to explain the importance of sermons and verses in teaching through textual materials. Methodical methods of linguistic text analysis are proposed. The optimal variants of the exercise are shown.*

***Key words:*** *oral folk art, lyrical genre, education, training, development of creativity, student, teacher, ethno-cultural values, lesson.*

Адамзат өз жашоосунда биологиялык, физиологиялык өсүп-өнүгүүдөн сырткары дагы руханий-ыймандык жактан калыптанып изденүү жолунда өз өмүрүн өткөрөт. Ал үчүн билим алып, сезип, туюп, аракеттенип, умтулуп, эмгектенип, ой калчап, чечим чыгарып өз тажрыйбасын байытып отурат. Учурда руханий дүйнөсү бай, көрөңгөсү бийик, ыймaны таза, ой чабыты кеңири адамды тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Бул милдеттерди ишке ашырууда улуттук баалуулуктарды өз мазмунуна сиңирген элдик оозеки чыгармалардын анын ичинде лирикалык чыгармалардын мааниси өтө зор. Анткени лирика, элдик тажрыйбага бай, адамзаттын жашоосундагы аруу тилектерди, айкын максаттарды, даанышмандыкты өз кучагына алган адабий-поэтикалык жанр. Ал окууга ыңгайлуу уйкаштыгы, жаттоого жагымдуу ритми, көркөм айтууга ыңгайлуу ыргагы жана элге кеңири тарагандыгы менен артыкчылыктарга ээ.

Лирикалык чыгармаларды окутуу маселеси боюнча окумуштуу- методисттер тарабынан ар тараптуу изилдөөгө алынып, илимий- методикалык эмгектер жарык көрүп келгендиги белгилүү. Бул изилдөөлөр көбүнчө адабияттык аспектиден каралып, адабият сабагында лирикалык чыгармаларды окутууга арналган. Ал эми кыргыз тили сабагында тарбиялоо, сөз өстүрүү жаатында лирикалык чыгармаларды пайдалануунун өзгөчө орду бар. Анткени лирикалык чыгармалар программа боюнча кыргыз тили сабагынын эң

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



көлөмдүү бөлүмүн ээлеген байланыштуу кеп сабактарында, көнүгүү жумуштарында, текст менен иштөөдө, сабакты уюштурууда, окуучулардын маанайын көтөрүүчү интерактивдүү оюндарды уюштурууда жеңил жана кызыктуу материал боло алат. Ыр түрүндөгү чыгармаларга грамматикалык жана мазмундук талдоо жүргүзүү аркылуу окуучулардын тилдик билимдерин тереңдетип, туура жазууга, туура сүйлөөгө көнүктүрүүгө болот.

Билимдин сапаты сабак өтүү менен тыгыз байланыштуу. Сабактын сапаттуулугу сабактын максаты менен айкалышат бир эле мезгилде үч максатты «билим берүү», «тарбиялоо», «өнүктүрүү» маселелерин бирдей ишке ашыруу үчүн мугалим окутуунун ар кандай ыкмаларын жана окутуу каражаттарын тандайт.

Кыргыз тили сабагында мугалимдин эң башкы куралы – сөз. Ал эми максаты адабий тилдин нормасында сүйлөөгө, жогорку деңгээлде пикирлешүүгө жана сабаттуу жаза билүүгө окуучуларды үйрөтүү.

Сөздү тандап сүйлөөгө, көркөм тилдик каражаттарды өз речинде жагдайга жараша ийкемдүү пайдаланууга көнүктүрүү, ата-бабаларыбыздын улуу мурастарын жадына сиңирип, ата салтындагы, эне адебиндеги улуттук маданияттын көрөңгөлөрү менен тарбиялоо мугалимдин башкы милдеттеринен болуп саналат. Кыргыз тили мугалиминин бул категориялары мезгил талабына ылайык сабак өтүү, жаш муундардын бүгүнкү талаптарын канааттандыруу, психологиялык өзгөрүүлөрүн эске алуу, коомдук-саясий кырдаал менен байланыштыруу аркылуу ишке ашырылышы шарт. Коомдогу тынымсыз болуп жаткан өзгөрүүлөрдө, илимий-техникалык жаңылыктарды коммуникативдик каражаттар аркылуу чексиз аралыкка чейин жеткизүү мүмкүнчүлүгү күчөп турган учурда кыргыз тили мугалиминин ролу, орду жөнүндө улуу педагог-окумуштуу Ж.Чыманов: «Бүгүнкү кыргыз тили мугалиминин коммуникативдик ишмердиги маалыматты бере алышы, таасир этиши, сезимдерди ойгото алышы, предметке кызыгууну жарата алышы, түрдүү жаш курактагы өспүрүмдөр менен индивидиуалдуу жана коллективде иштей алышы, окуучулар менен жалпы тил табышы, вербалдык пикир алышуу процессинде угуп, сүйлөп жана окуй алышы, ар түрдүү жанрларда жаза алышы, тилди колдонуп, кадырлап, сүйгөн инсанды тарбиялай алышы, балдардагы адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрө алышы сыяктуу кептик сапаттарга ээ болушу менен бааланат», - дейт жана «…мугалимдин сөзү, сүйлөөсү бул методдордун методу» экендигин белгилейт [5, 404-б.] Чындыгында бүгүнкү өнүгүп жаткан окутуу технологиясы да сүйлөөнү алмаштыруучу каражатты таба элек. Мезгил талабына ылайык инсанды окутуп тарбиялоо, ой жүгүртүүсүн ар тараптан өнүктүрүү, сүйлөө чеберчилигин арттырууда кыргыз тили мугалими стандарттык сабактын чегинен бир аз оолактап, ар бир окуучунун кызыгуусун арттыра алгыдай деңгээлде жаңы сабактын формасын иштеп чыгуусу зарыл. Бул максатта элдик тажрыйбалардын үлгүсүнөн жаралган элдик оозеки чыгармачылыктын бир бутагы болгон лирикалык чыгармалардын түрлөрүн сабактын тематикасына жараша колдонуу алдыга койгон максаттарды ишке ашыруунун бирден бир каражаты болуп саналат.

Ыр түрүндөгү чыгармалар боюнча балдар төмөнкү класстан эле тааныш болушат. Ошол курактан эле аларда жаттап айтуу, жаратылыш менен жакындан дос болуу, аны сактоо, сүрөттөп айтып берүү жөндөмдөрү калыптанат. Ал эми анын идеялык мазмуну, табияты, өзгөчөлүктөрү, түрлөрү, тарбиялык мааниси боюнча мугалим ортоңку жана жогорку класстарда оозеки жана жазуу формаларында берилүүчү тапшырмалар, көнүгүүлөр жана текстке тилдик талдоо жүргүзүү аркылуу ишке ашырса болот. Балдардын поэзияны окуу шык-жөндөмүн калыптандыруу, окурмандык активдүүлүгүн арттыруу, көркөм окууга көнүктүрүүдө ырдын жалпы идеялык-тематикалык багыты окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык тандалып алынышы мугалимдин эң биринчи иш аракети болуш керек. Мисалы ортоңку класстар үчүн көбүнчө адеп, эмгек, мекенчилдик, экологиялык, гигиеналык тарбия берүүчү поэзиялар тандалып алынса, балдардын ой чабыты, көз карашы ошол нукка бурулат да тарбия алуу багыты, моралдык жүрүм-туруму поэзиянын сыйкырдуу сырына арбалып жугумдуу таасир калтырат:

Калп айтпа, ууру кылба, жалкоолонбо,
Ак сана, жуукур болбо, өлкө корго.
Турмуштун чаалыкпаган шакирти бол, -
Ырыстын бак-дарагы гүлдөйт колдо! - деген ырдын алгач контексттик мазмунуна көңүл буруп, андан кийин гана ыр сабындагы грамматикалык курулуштарга анализ жасап, интонациялык өзгөчөлүк боюнча сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибин аныктоого болот.

Кыргыз тил сабагын баштоонун алдында мугалим поэзиялык мүнөт уюштуруп ушундай мазмундагы ыр саптарын көркөм окутуп же жатка айттырып, андагы айтылган ойдун мазмунун талдатуу менен окуучулардын эстетикалык табитин канааттандырат жана сабакка болгон маанайын көтөрөт.

Ар кандай жанрда жазылган чыгарманы окутуунун өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Кыргыз тил сабагында көркөм чыгармаларды окутуу менен мугалим биринчиден предмет аралык байланыш түзсө, экинчиден «Көркөм адабият – адамдардын сандаган тибинин кеңири понаромасы» -деп М.И.Калинин айткандай адам мүнөзүндөгү татаал кубулуштарды ажыратууга, адам турмушундагы ар кандай кырдаалдарды байкап аңдай билүүгө балдарды тарбиялайт. Айрыкча окуу программасындагы эң көлөмдүү саатка ээ болгон байланыштуу кеп бөлүмүн жогорку класстарда окутууда

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



ырдын тексттерине тилдик талдоо жүргүзүү аркылуу окуучулардын лингвистикалык билимдерин тереңдетип, чыгармачылык жөндөмүн арттырууга болот. Бул максатта айрыкча элдик санат-насыят, терме ырларын тандоо сунушталат. Анткени ал ырларды жаратуучулардын көпчүлүгү замана агымынын өкүлдөрү, алардын ырларынын мазмунунда турмуштук тажрыйбалардын саркындыларынан жаралган ак менен каранын, караңгы менен жарыктын,акыл менен акмактын, жакшы менен жамандын күрөшү айтылат:

Дөөлөт деген чоң байлык,
Дөөрүк киши наадандык.
Акылдуунун бир сөзү,
Айткан сайын бир тайлык.
Адамдын баркын билбеген,
Жиндиликтин белгиси.
Эртели кеч сыйлашуу,
Таттуулуктун белгиси.

Кыргыз эли байыртан эле өмүр, жашоо, жакшылык, ийгилик, сый-урматка чоң маани берип, турмуштун реалдуу чындыгын салыштырып айтып келгендиги белгилүү. Ушундай улуу көрөңгөлөрдү санаттагы сөздөргө тилдик анализ жүргүзүү менен, алсак жогорудагы ыр саптарында берилген «дөөрүк», «наадандык», «жиндилик», «бир тайлык» деген сөздөрдүн лексика семантикалык маанилерин чечмелетип, этимологиясын аныктап,тилдик категорияларын белгилеп, ал сөздөрдүн стилдик маанилерин тактатып билимдерин тереңдетүү максатын ишке ашырса болот. Ушундай эле санат-насыят ырларында кездешүүчү элдик макал-лакаптар, фразеологиялык айкаштар, табышмак, жаңылтмач, накыл кеп, айтымдардын үлгүлөрүн окуучулардын өздөрүнө таптырып, талдатып тапкычтыкка, аңдап-билүүгө тарбиялоо менен бирге этномаданий баалуулуктарды жеткире түшүндүрүүгө болот:

Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өзүңдөн чыккан жат жаман.
Кыядан өтпөй бакырса,
Кыйлатта болсоң жаман [6, 152-б.].
Ат адамдын канаты,
Көз адамдын чырагы.
Дөөлөт бетти кызартат,
Парзант колду узартат [6, 163-б.].

Окуучулар эл арасында айтылып жүргөн «Өзөктөн күйгөн өрт жаман, өзүңдөн чыккан жат жаман» макалын, «Ат адамдын канаты» лакабын угуп жүргөндүктөн тез эле табышат. Мугалим алардын маанисин чечмелетип, ыр саптарында кездешкен кээ бир диалектилик өзгөчөлүктөрдү, мисалы жогорудагы «парзант» сөзүндөгү «е» тыбышынын ордуна оозеки кепте түштүк диалектидедеги «а» тыбышы колдонулган фонетикалык диалектилик айырмачылыкты түшүндүрүүсү зарыл. Айрыкча замана агымынын өкүлдөрүнүн, Барпы Алыкулов, Жеңижок сыяктуу акындардын чыгармаларындагы диалектилик каражаттар, алардын колдонулушу кыргыз тилиндеги диалектилик өзгөчөлүктөрдү терең түшүнүүгө, айырмалай билүүгө мүмкүнчүлүк жаратат. Ар бир акындын ырларындагы лексикалык, грамматикалык диалектилик каражаттар жыйналып, андан кийин өз ич ара бөлүштүрүлүп, статистика-стилистикалык изилдөөлөр жүргүзүлсө окуучулардын тилдик билимдери артып, өз алдынча изденүүгө багыт алышат.

Поэзияга лингвистикалык анализ жасоодо анын жаралышындагы эмоционалдык абал, тексттик түзүлүшүндөгү экспрессивдүүлүктү жаратып турган каражаттардын уюшулушуна назар салуу окуучулардын чыгармачылыкка болгон шык-жөндөмүн ойготот. Алар ырдын мазмунундагы берилип жаткан ой аркылуу ырдын жаралышындагы обьективдүү жана субъективдүү факторлорду аңдап билишет. Көркөм тилдик каражаттардын ойду чагылтуудагы көрөңгөлүү кызматын сезип, туюп тил каражаттарды тандап сүйлөй жана жаза билүү көндүмдөрүн калыптандырышат. Ошондуктан көркөм адабияттын поэзия жанрындагы этномаданий материалдарды кыргыз тили предмети менен интеграциялап окутуу бүгүнкү күндө окутуп-тарбиялоо багытында эң актуалдуу маселелерден. Учурда ааламдашуунун татаал таасирлеринен улам жаштар өз алдынча көркөм чыгарма окубай, өз алдынча ой жүгүртүүдөн, чыгармачылыктан алыстап бара жатышат. Мындай шартта кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүн кыргыз тили сабагына оптималдаштыруу менен окуучулардын кабыл алуусуна ылайык кыскартып, көнүгүү жумуштарында, жазуу иштеринде, текст менен иштөөдө, сабакты уюштуруу бөлүмдөрүндө, класстан тышкаркы иштерди уюштурууда пайдалануу жакшы натыйжаларды берет деген ойдобуз.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Бишкек, 2004. - 1-том.
2. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. - Бишкек, 1994.
3. Калинин М.И. О литературе. - Л., 1949.
4. Маразыков Т. Тексттин түзүлүү маселелери. - Б., 2014.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. - Бишкек,2009.
6. Эл адабияты. Санат, насыят жана эмгек ырлары. - Б., 2003.
7. Кыбыева З.Ж., Апжапарова А.Ш., Джороева А.Т. Актуальность современного образования и воспитания по предмету литература и нравственность. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 249-252.
8. Абиева Ю.А. Использование материалов этнопедагогики в экономическом образовании воспитании современных школьников. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 8-1. С. 148-149.